## Сунушум бар



**Мамлекеттик жана коомдук ишмер Исхак Раззаковду Кыргыз Эл Баатыры деген жогорку сыйлыкка көрсөтүү тууралуу анын жердештеринин демилгесин Акыйкатчы институтунун жалпы жамааты да толук колдоого аларын белгилеп койгубуз келет. Мен бул боюнча сунушумду мамлекет башчысы К.Бакиевге да жолдогом.**

# Раззаков Кыргыз эл Баатырына татыктуу

Мен өзүм тарыхчы катары да, деги эле өткөнгө кайдыгер карабаган инсан катары, ал эми учурда Акыйкатчы катары Исхак Раззаковдун өмүр таржымалына, анын жетекчилик тагдырына ар дайым үңүлө карайм. Ал киши тууралуу замандаштарынын, жолдошторунун, учурдагы кадырлуу карыяларыбыздын, чогуу иштешип калган шакирттеринин жылуу пикирлерин угуудан тажабайм. Исхак Раззаковдун өзү менен тааныш болбогонума, аны менен иштешпегениме ар качан өкүнөм. Бирок ал кишинин шакирти, маркум А.Масалиевден И.Раззаков жөнүндө көп жолу жакшы сөздөрдү укканым бар. Өз мезгилинин чыгаан уулу Исхак аванын өмүрү мамлекеттик кызматкерлердин баарысына өрнөк болууга тийиш.

Исхак Раззаков Кыргызстанда кыргыздардан чыккан эң алгачкы саясий жетекчи болгон. Кыргыз элинин мындай чыгаан уулу эч негизсиз өз мекенинен куугунтукталып, бардык кызматтарынан бошотулган да, Москва шаарында жашап, иштөөгө жөнөтүлгөн. Бул тарыхый акыйкатсыздыктын ачык мисалы. Согуштан кийинки эл чарбасын калыбына келтирүү, экономиканы чыңдоо сыяктуу эң зор милдет И.Раззаковдун үлүшүнө туш болгон. Башкасын айтпаганда да тоолуу республикабызга Бишкек-Балыкчы жолун салдыруу эмне деген эрдик.

Исхак Раззаковдун эң көрүнүктүү эмгектеринин бири - орус мектептерине кыргыз тилин окутуу идеясы менен чыккандыгы. Ошондой эле жогорку окуу жайларында студенттер кыргыз тилинде билим алуусу зарылдыгын белгилеген. Дал ушунусу үчүн ал улутчул аталып айыпталган. Андан бери дээрлик 50 жыл убакыт өтсө да кыргыз тилин орус мектептеринде окутуу көйгөйү дагы эле курч маселе бойдон калууда. Мына ушундан эле И.Раззаковдун келечек муундар үчүн кам көргөнү, аларды адептүүлүккө жана ыймандуулукка тарбиялоого үгүттөгөн жетекчи экени даана көрүнөт.

Быйыл Исхак Раззаковдун туулгандыгынын 95 жылдыгы. Ушул датага байланыштуу Кыргыз Эл Баатырына көрсөтүүнү жалаң эле Лейлек эли эмес, бүтүндөй кыргыз эли колдоого тийиш. Исхак Раззаков бул наамга татыктуу болгондо гана тарыхый акыйкат тикеленген болот. Бул инсандын элеси шам чырактай болуп келечек муун үчүн жол көрсөтүп турууга тийиш!

***Турсунбай БАКИР уулу,***
***Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени)***